КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ

ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ
КАРГАЛЫК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

721500 Казарман айылы, Ж.Акимбаев көчөсү №81
тел:(03738) 5-02-50

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН
КАРГАЛЫКСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

721500 с. Казарман, ул Ж.Акимбаева № 81
тел:(03738) 5-02-50

**Каргалык айылдык Кеңешинин (XXVIII чакырылышынын)**
**кезектеги XVIII сессиясынын**
**Т О К Т О М У**

15-май 2023 - жыл №33 Казарман айылы

**Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн “Аксакалдар кеңешинин” Уставын бекитүү**

Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн “Аксакалдар кеңешинин” Уставынын долбоорун жана Каргалык айылдык кеңешинин “Мыйзамдуулук, укук, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо боюнча, депутаттык этика, мандат, регламент, маданият жана социалдык маселелер боюнча” туруктуу комиссиясынын төрайымы К.Мамырованын маалыматын угуп жана талкуулап, Каргалык айылдык кеңешинин Регламентинин 2-главасынын 2.1-пунктуна ылайык,

**Каргалык айылдык Кеңешинин (XXVIII чакырылышынын)**
**кезектеги XVIII сессиясы**
**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1. Каргалык айыл аймагынын “Аксакалдар кеңешинин” Уставы бекитилсин (устав тиркелет).
2. Кабыл алынган Уставга ылайык иш алып баруу жагы Каргалык айыл аймагынын аксакалдар кеңешинин төрагасына жүктөлсүн.
3. Бул токтомду Жалал-Абад областынын юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Каргалык айыл өкмөтүнүн башкы адиси-юрист Абдыманбетов Арафатбек Акановичке милдеттендирилсин.
4. Бул токтом Каргалык айыл өкмөтүнүн http://kargalyk.org.kg/ расмий веб-сайтына жарыялансын.
5. Бул токтомду аткаруу Каргалык айыл өкмөтүнүн башчысы Э.А.Артыкбаевге милдеттендирилсин.
6. Бул токтомду көзөмөлдөө “Мыйзамдуулук, укук, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо боюнча, депутаттык этика, мандат, регламент, маданият жана социалдык маселелер боюнча” туруктуу комиссиясынын төрайымы К.Мамыровага милдеттендирилсин.

**Каргалык айылдык Кеңешинин төрагасы: Т.И.Токтоболотов.**

*"Бекитем"*
*Каргалык айылдык кеңешинин төрагасы*
*__________Т.И.Токтоболотов*
*Каргалык айылдык кеңешинин(XXVIII чакырылышынын)кезектеги XVIII сессиясынын № 33- токтомуна тиркеме*
*15- май 2023-жыл*

# Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Аксакалдар кеңешинин уставы

# Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн аксакалдар кеңешинин уставы

## I. Жалпы Жобо

1.1 Аксакалдар кеңеши Каргалык айыл аймагында өз алдынча башкаруу жамаатынын коомдук органынын бир бутагы болуп эсептелет. Аксакалдар кеңеши Каргалык айыл аймагында жашаган бардык аксакалдардын кызыкчылыгын коргоп, аларды социалдык жактан коргоо, калк арасында кадыр-баркын көтөрүүгө жана алардын коомдук тарбиялык иштерге активдүү катышуусуна жетишүүгө чакырат.

1.2 Аксакалдар кеңеши элдин биримдигин, достугун чыңдоого, ар бир улуттун маданиятын, үрп-адат, каада-салтын өнүктүрүүгө, мамлекетибизде жүрүп жаткан саясий-маданий, экономикалык, социалдык жана чарбалык реформаны андан ары тереңдетүүгө, элдин күнүмдүк жашоо турмушун оңдоого, келечек муундарды тарбиялоого, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин саясатын колдоого, аймактын ар бир жашоочусуна багыт берип, аларды активдүү ишке тартат.

1.3 Аксакалдар кеңешин уюштуруунун тартиби, укуктары жана милдеттери башка коомдук уюмдар, эмгек жамааттары менен болгон мамилеси ушул аксакалдар кеңеши жөнүндөгү жободо аныкталат.

1.4 Устав айылдык кеңеште каралат жана бекитилет.

## II. Аксакалдар кеңешин уюштуруунун принциптери:

2.1. Аксакалдар кеңеши Каргалык айыл аймагынын аксакалдардын демилгеси менен айылдын жалпы чогулушунда шайланат. Анын курамы 5-7 адамдан түзүлөт, ачык добуш менен шайланат. Аксакалдар кеңешинин курамы Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөт башчысынын сунушу менен Аксакалдар кеңешинин төрагасы шайланат. Аксакалдар кеңешинин курамынын жарымынан көбүнүн добушуна ээ болгон талапкер анын төрагалыгына шайланды деп эсептелет.

2.2. Аксакалдар кеңешинин төрагасынын сунушу менен анын орун басары жана катчысы добушка коюлуп, жарымынан көп добушка ээ болгону шайланды деп эсептелет.

2.3. Зарылчылыгына жараша аксакалдар кеңешинин курамын толуктоо, жаңылоо айылдын аксакалдарынын жалпы чогулушунда кеңештин төрагасынын сунушу менен жүргүзүлөт.

2.4. Аксакалдар кеңешинин жогорку органы айылдагы аксакалдардын жалпы жыйыны болуп эсептелет. Чогулуш зарылчылыгына жараша боло берет, бирок бир жылда анын бир ирет болушу шарт.

Аксакалдар кеңешинин жалпы чогулушунда айылдын экономикалык, маданий, социалдык абалына, айылдагы жашоочулардын эмгекке, тартипке, тазалык-тарбиялык иштерге, элдин жашоо турмушуна байланыштуу бардык маселе каралат.

2.5. Айылда жашоочу элдин айрым күндөлүк маселелери аксакалдар кеңешинин отурумунда каралып чечилет. Отурум зарылчылыгына жараша өткөрүлө берет, бирок айына бир ирет өткөрүлүүсү шарт.

2.6. Аксакалдар кеңешинин отурумунун чечимдери сунуш катары кабыл алынат. Айылдын аймагындагы ишкана, мекеме, менчигинин түрүнө карабастан жеке ишканалар анын сунуштарын кароого жана жооп берүүгө милдеттүү.

## III. Аксакалдар кеңешинин укуктары жана милдеттери:

3.1. Аксакалдар кеңеши Кыргыз Республикасынын Конституциясын, мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдорун, буйруктарын, жергиликтүү бийлик органдарынын токтомдорун, буйруктарын, Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн, Каргалык айылдык кеңештин токтомдорун жана ушул уставдын аткарылышын көзөмөлгө алып, аны толук жетекчиликке алуу боюнча айылдын бардык жашоочуларына багыт берип, акыл-насаат иштерин жүргүзөт.

3.2. Аксакалдар кеңеши эмгек ардагерлеринин, майыптарынын кызыкчылыктарын коргоо менен аларга материалдык, моралдык жактан колдоо көрсөтүп, ар түрдүү жагдайлар боюнча жардам көрсөтүүлөрдү уюштурат.

3.3. Ардагерлердин кызыкчылыктарын көздөп ар түрдүү кайрылуу талаптар менен айылдагы бардык мекемелердин, ишканалардын, уюмдардын, чарбалык (менчигинин түрүнө карабастан) жетекчилерине кайрылууга жана анын чечилгендиги тууралуу өз учурунда жооп берүүсүн талап кылат.

3.4. Айылдагы ар түрдүү той-тамаша, шаан-шөкөттөрдү, кызды турмушка чыгаруу, баланы үйлөндүрүү, бешик тойлорду, туулган күндөрдү, юбилейлерди белгилөө, маркумдарды акыркы сапарга узатуунун тартибин бекиткен жобого ылайык өткөрүүнү коомчулуктан талап кылат.

3.5. Айылда жашаган атуулдардын биримдигин, достугун, бири-бирине болгон урмат, сый, назик мамилелерин чыңдоо, өз ара жардамдашуу, ар бир улуттун каада-салтын, үрп-адаттарын урматтоого багыт берип, насаатчылык-тарбиялык иш алып барат.

3.6. Айылдагы ар кандай пикир келишпөөчүлүктөрдү, чыр-чатактарды, талаш-тартыштарды, таарынычтарды күчөтпөстөн өз учурунда териштирип, жөнгө салат жана жараштырат.

3.7. Ата-энелерди өз балдарын тарбиялоодо өзгөчө көңүл буруусуна, мектепте окуган балдардын окуусуна, дем алуусуна тиешелүү шарттарды түзүп берүүсүнө, мектеп менен байланышын чыңдоого өзгөчө көңүл бурат. Мектептен качып, көчө таптап, мушташып, тамеки тартып, арак ичип, ар түрдүү тоноолорго, уурулукка чаташып жүргөн балдардын ата-энесин олтурумда, шаардын жалпы чогулушунда талкуулап уяткарат, калган ата-энелерди алдын-ала эскертет.

3.8. Айылдын ичиндеги укук тартибин чыңдоого, аракечтикке, уурулукка, тоноочулукка, сойкулукка, ушакчыларга каршы алдын-ала акыл-насаат иштерин жүргүзүүдө, ар бир укук бузуу фактыларын аксакалдар кеңешинин олтурумунда талкуулап, тиешелүү чараларды көрөт.

3.9. Айылдын жаштарынын арасында акыл-насаат иштерин жүргүзүүгө, аларды биримдикке, боорукерликке, өз ара жардашдашуу, достук жана жолдоштук багытта тарбиялоого, жаштарга мээримдүүлүктү, чыдамкайлыкты, эрки күчтүү, бекем мүнөздүү Ата-Мекенди, эли-жерин сүйүүгө, аскердик милдетти чын жүрөктөн өтөөгө тарбиялайт.

3.10. Ишке жарактуулардын бардыгы айылда өткөрүлүп жаткан ишембиликтерге, арык, каналдарды чабууга, тазалоого, жолдорду, көпүрөлөрдү оңдоого, көрктөндүрүүгө сөзсүз катышуусун камсыз кылуу боюнча аксакалдар арасында сүйлөшүү аркылуу Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жетекчилерине көмөк көрсөтөт.

3.11. Ар бир үй ээсинин үйлөрүнүн жанынан өткөн арыктагы сууларга кир, машина, жаман нерселерди жуубоосун, кирдин суусун, мончодон, даараткана лардан чыккан сууну арыктагы сууга агызбоону, химиялык заттарды, шыпырындыларды таштабоосун талап кылат, мындай фактылар кездешсе жалпы жыйынга салып уяткарат.

3.12. Ар бир үй ээсинин өз үйлөрүн өз учурунда иретке келтирип, шыбап, актап, эшик терезелерин сырдап турууга, бак-дарактарды олтургузуп, жолдордун чуңкурларына шагыл төгүп, суу сээп, шыпырып тазалоосун жана анын аткарылышына көзөмөлдүк кылып турат.

3.13. Көчөнүн аймагында жашаган ар бир үй-бүлө өздөрү жашаган үйдүн тушундагы электр мамычасына түнкү чырак орнотуп, түн ичинде жарык берүүнү камсыз кылуусун көзөмөлдөйт.

3.14. Ар бир үй-бүлө көчөгө чөп, көң, кык, топурак, шагыл, кум, таш, кирпич жана башка курулуш материалдарын ташып келип түшүрсө 3 күндүн ичинде жолдон ташып киргизип, өз жайына жайгаштыруусун талап кылуу, аткарбагандарды кеңештин олтурумунда талкуулап уяткарат.

3.15. Аксакалдар кеңеши жободо көрсөтүлгөн милдеттерден башка турмуш агымынан келип чыккан учурдун талабына ылайык шаардык мэриянын, шаардык кеңештин айрым тапшырмаларын элге жеткирип, анын аткарылышын талап кылып, көзөмөлдүк жүргүзөт.

## IV. Аксакалдар кеңешинин Каргалык айыл аймагындагы ишкана, мекеме, чарбалар, коомдук уюмдар менен мамилеси:

4.1. Аксакалдар кеңеши Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жетекчилиги менен иш алып барат.

4.2. Аксакалдар кеңеши айылдагы мекеме уюмдар, ишкана, чарбалар менен мамилеси Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жана ушул уставда аныкталган милдеттерди аткаруу боюнча өз ара сүйлөшүү, макулдашуу аркылуу бир багытта иш алып барат.

4.3. Айылда «үлгүлүү үй», «үлгүлүү үй-бүлө» жана «Ардактуу атуул» сыяктуу өткөрүлүп жаткан тандоо иштерине катышат, көзөмөлдүк жүргүзөт. Аткарылган иштердин жыйынтыгын кеңештин олтурумунда талкуулап, кароо-сынактын жеңүүчүлөрү жөнүндө чечимди Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнө жана Каргалык айылдык кеңешке сунуштайт.